**ЭМКЖга 02-003-2021-014084 саны менен катталган материал боюнча**
**МААЛЫМАТ**

2021-жылдын 11-июль күнү Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында түзүлгөн Ыкчам координациялык тобуна маалымат келип түшкөн. Ал жерде, Бишкек шаарынын Чалдавар 2А дарегинде жайгашкан №1309 шайлоо участкасында белгисиз айым акча таратып жатат деген маалымат келип тушкон.

Бул маалымат 11.07.2021-ж. Бишкек шаарынын ИИББнын ЭМКЖна 02-003-2021-014084 саны менен катталып, Свердлов РИИБнын документтештирүү тобу аталган дареке барып текшерүү иштери жүргүзүлүп жатат.

Бул маалымат 11.07.2021-ж. Бишкек шаарынын ИИББнын ЭМКЖна 02-003-2021-014084 саны менен катталып, Свердлов РИИБнын документтештирүү тобу аталган дареке барып текшерүү иштери жүргүзүлдү. №1309 шаайлоо участкасына барган учурда, аталган “Хонда Степвагон” үлгүсүндөгү, мамлекеттик номери [redacted] болгон автоунаасы жок болуп чыккан. Ал эми, [redacted] [redacted]-ж.т., 11.07.2021-ж. эртен менентен бери №1309 шайлоо участкасында, аталган автоунаа менен элдерди ташып жатат деген шек санап, Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында түзүлгөн Ыкчам координациялык тобуна маалымат бергендигин билдирген. Документтештирүү тобунун кызматкерлери, аталган шайлоо участкасында турган милиция кызматкерлерин сураган учурда, алар эчкандай адам ташыган автоунааларды жана адамдарды байкашкан эмес. Коомдук байкоочу [redacted] менен биргеликте колунда дептери бар велосипед тепкен адамды текшеришкен, дептерди текшерүү учурунда шайлоого тиешеси жок маалыматтарды көрүшкөн. Андан тышкары милиция кызматкерлер тарабынан жарандарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн.

Текшерүүнүн жыйынтыгында материал номенклатуралык тартипте чыгышталган (НД-003-2021-006519)

**Свердлов РИИБнын Тергөө кызматы**